Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин студенттерди тейлөө борбору (СТБ) 2023-жылдын 10-октябрынан баштап ишке киришкен.

СТБнын негизги максаты - студенттер үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн ачык-айкындуулугу жана жеткиликтүүлүгү үчүн шарттарды түзүү жана тейлөөнүн жогорку стандарттарын камсыз кылуу, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана академиялык чынчылдык принциптерин жайылтуу.

СТБ 10 компьютер, 5 принтер, 1 түстүү принтер, электрондук кезек терминалы жана телевизор менен жабдылган.

СТБнын негизги милдеттери:

- студенттердин суроо талабы боюнча маалымат берүү жана кызматтарды көрсөтүү;

- билим берүү жана билим берүү тармагында студенттерди тейлөөнүн маданиятын жана сапатын жогорулатуу;

- студенттерге маалыматтык жана консультациялык жардам көрсөтүү;

- “Бирдиктүү терезе” маалымат системасынын негизинде студенттерге өз убагында жана сапаттуу кызмат көрсөтүүнү камсыз кылуу;

Азыркы учурда студенттерди тейлөө борбору тарабынан төмөнкүдөй маалымкаттар студенттерге берилди:

| **№** | **Маалымкат түрү** | **Декабрь айы** | **Март айы** |
|---|---|---|---|
| **1** | Аскер комиссариаттары | 502 | 1898 |
| **2** | Окуу туралуу маалымкат | 662 | 1885 |
| **3** | Соцфонд - маалымкат | 165 | 271 |
| **4** | Элчиликтерге берилүүчү маалымкат | 246 | 550 |
| **5** | Диплом алуу үчүн обходной лист | 433 | 800 |
| | Бардыгы | 2008 | 5404 |

Электрондук цифралык кол тамганы «Инфоком» мамлекеттик ишканасы менен «Бирдиктүү терезе» маалымат системасына интеграциялоо боюнча иштер жүргүзүлүп, 11- марттан баштап “Окуп жаткандыгы анык” деген маалымкаттарды онлайн түрүндө берип жатабыз.